# Ата-энелер чогулушунун токтому

Чогулуштун темасы: Баардыгыбыз мектеп үчүн!

күнү 28.09.2022-жыл

Жалпы ата-эненин саны : 48

Катышкан ата-эненин саны: 48

Каралуучу маселелер:

1.2021-2022-жылындагы жасалган иштерге сарсеп

2.2022-2023-окуу жылында жасалуучу иштер,үч тараптуу келишим

3.Ар кандай темадагы маселеер

УГУЛДУ:

Сөз мектеп диретору А.Нааматовага берилди:өткөн окуу жылындагы жасалган иштер —Окуу керемет долбоору менен башталгыч класстын мугалимдери менен иш алып барылып,ачык сабактар өтүлдү.Ата-энелер менен биргеликте треннингдер өтүлдү.

-ЖРТнын жыйынтыгы менен боюнча билим сапаты 87% түздү

-Улуттук олимпиадага Замирбек кызы Акмаанай,Кубандыкова Адинай ,Шарипова Сайкал катышып, 2-турга жетишти.

- "Атам жана мен" аттуу конкурска Туратбекова Фарида катышып,500сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка ээ болду

- 2021-2022-окуу жылында Жаш мугалим -2022 конкурсуна география мугалими Бапанова Кундуз өрөөндүк турга катышып,3-орунду камсыз кылды

-Сырткы айлана-чөйрөнү ремонттоо иштери жүргүзүлүп,жакшы иштер жасалды.Өз убагы менен ремонттолду.

2-маселе боюнча: Быйылкы 2022-2023-окуу жылында жасалуучу иштер абдан көп,абдан чоң."Изденип иштөө-ийгиликке жол ачат" демекчи изденүү менен көптөгөн ийгиликтерди багындыра алабыз.

-Олимпиададан чыгуу

-"Манас таануу" сынакка катышуу,ийгиликке жетүү

- Ар кандай сынак,таймаштарга катышуу

- мектепти кошумча корпус менен толуктоо

Ж.бкөптөгөн пландарды коюп жатабыз.

Жылда эле ата-эне ,мугалим ,окуучулардын ортосунда мамилени ,ишти бекемдөө максатында жылда эле Үч тараптуу келишим бекитилип келүүдө.Үч тараптуу келишимдеги милдет,максаттар,окулуп ар бирине түшүндүрүлдү.Ар ир класс жетекчи өз класстары менен иш жүргүзө тургандыгы белгиленди.

3-маселе боюнча:

Ар кандай темадагы маселелер боюнча сөз алып,сөзгө мектептин ата-энелер коитетинин төрайымы Үсөнбек кызы Айпери сүйлөп ,өз оюн ортого салды.

Мктепте чогултула турган акчанын көлөмүн 200сомго көтөрүүгө оюн айтышты.Себеби азыркы күндө бардык нерсе кымбат болгондуктан,ушундай акча чогултпасак болбостугун айтып өттү.Тамакка ата —энелер менен иш алып барып "Көп түкүрсө көл болот" дегендей демөөрчүлүк менен ар бир ата-эне өз колдоолорун көрсөтүп беришти.

Чекиров Совет 1мешок пияз

Курманов Элкинбек 1мешок пияз

Өмүралиев Алмаз 1 мешок ун,1мешок картошка,

Кайыпбергенов Бердибек 1 мешок ун

Чекиров Талант 10кг крүч

Токтобай уулу Баялы 1мешок ун

Туратбеков Бейшенбек 1 мешок ун, 10кг сабиз

Жөлөгөнов Нурлан 2кг сары май ж.б өз демөөрчүлүгү менен тамак-аштарга жардамдарды көрсөтүштү.

Дагы жакшы жаңылык быйылкы окуу жылда Комуз ийрими ачыла тургандыгын,эгер каалоочулар болсо,жазылып катышууларын айтты.

Бүтүрүүчү класстын окуучулары кошумча окуулардан окуу менен мектептин билим сапатын көтөрүүгө өз салымдарын кошо тургандыктары белгиленди.Ар бир ата —эне балдарына шарт түзүп окутууга жардам берүүлөрү айтылды.

ЧОГУЛУШ ЖОГОРУДАГЫ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПИКИРЛЕРИН ЭСКЕ АЛЫП

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Үч тараптуу келишим менен ата-эне,мугалим,окуучулар биргеликте иш алып барын

2.ЖРТдан жогорку балл алуу үчүн ата-энелерге окутуу жагы жүктөлсүн

3.Ысык тамакка 200 сомдон чогултуу ата-энелер комитеттерине милдеттендирилсин

4.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер "мыкты" деп табылсын

Уюштуруучу: [signature] А. Байсакова